**Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн 2015-жылдын январь-июль айлары ичиндеги динамикасы**

2015-жылдын январь-июль айлары ичинде экономиканын өсүш арымы (УСКнын алдын-ала маалыматы боюнча) 7,1 пайызды түзгөн (ал эми 2014-жылдын январь-июль айларында – 4,1 пайыз), мында “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда реалдуу ИДӨ 4,5 пайызга (2014-жылдын январь-июль айларында – 3,3 пайызга) жогорулаган.

2015-жылдын январь-июль айларында жалпы баа индексинин 0,2 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган, ошол эле учурда 2015-жылдын июль айында инфляция жылдык мааниде алганда 5,0 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын январь-июль айларында инфляция 5,0 пайызды, жылдык мааниде алганда 7,8 пайызды түзгөн эле). Кароого алынган мезгил ичинде ЭВФ ыкмасы боюнча базалык инфляция 3,4 пайыз чегинде, жылдык мааниде – 7,4 пайыз чегинде калыптанган (2014-жылдын январь-июль айларында – 3,8 пайызды, ал эми жылдык мааниде – 7,5 пайызды түзгөн).

АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 2015-жылдын баш жагынан тартып 3,6 пайызга өсүп, 1 АКШ доллары үчүн 61,0213 сомду түзгөн (2014-жылдын январь-июль айларында – 5,1 пайызга).

Кароого алынган мезгил ичинде акча базасы 66 598,0 млн сомду түзүү менен 3,3 пайызга өскөн (2014-жылдын январь-июль айларында – 0,2 пайызга төмөндөгөн эле), анын ичинде башка депозиттик корпорациялар камдарынын 11,4 пайызга көбөйүүсү шартында жүгүртүүдөгү акча каражаттары 2,2 пайызга жогорулаган.

2015-жылдын июль айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмү төмөнкүчө түптөлгөн:

- жүгүртүүдөгү акча үлүшү 87,6 пайызды;
- башка депозиттик корпорациялар камдарынын үлүшү 12,4 пайызды түзгөн.

Башка депозиттик корпорациялар камдар түзүмүндөгү милдеттүү камдар жыл башынан бери 6 925,2 млн сомду түзүү менен 3,5 пайызга, ал эми үстөк камдар 1 318,7 млн сомду түзүү менен 87,3 пайызга чейин өскөн (2014-жылдын январь-июль айларында милдеттүү камдар 9,1 пайызга, ал эми үстөк камдар – 10,9 пайызга жогорулаган).

Акча базасынын өсүшү Өкмөттүн операциялары менен шартталган, алар жыл башында акча базасын 8,8 млрд сомго көбөйткөн. Улуттук банктын операциялары тескерисинче, акча базасын 6,7 млрд сомго кыскарткан.

2015-жылдын январь-июль айларында акча базасына эң башкысы, Улуттук банктын төмөнкү операциялары таасирин тийгизген:

- валюта интервенциялары акча базасынын 8,5 млрд сомго азайышына алып келген;
- кредиттик аукциондор – берилген каражаттардын дүң көлөмү январь-июль айларында 1,5 млрд сомду түзгөн;
- ички рынокто алтынды сатып алуу – 0,3 млрд сомго азайган.

Мындан тышкары, Улуттук банк ушул мезгил ичинде арылтуу операцияларын ишке ашырган (ачык рынокто операциялар жана “овернайт” депозиттери), алардын орточо күндүк көлөмү 1,5 млрд сомду түзгөн.

2015-жылдын январь-июль айларында таза чет өлкө активдери 2,4 пайызга (же 2 511,3 млн сомго) өскөн, бул эң башкысы таза эл аралык камдардын 2 164,4 млн сомго өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Таза эл аралык камдардын өсүшүнө “Жер үй” жана “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларынан келип түшкөн акча каражаттары негизги салым кошкон.

2015-жылдын январь-июль айларында дүң эл аралык камдар 67,0 млн АКШ долларына төмөндөө менен 1 891,6 млн доллары чегинде калыптанган.

Таза ички активдер 2015-жылдын январь-июль айларында 3,7 пайызга же 1501,7 млн сомго көбөйгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде – 26,6 пайызга). Капитал эсебинин 8 487,8 млн сомго жогорулашы таза ички активдердин өсүшүнө олуттуу салым кошкон, бул валюта курсунун жана баалуу металлдарга баанын өзгөрүүсүнөн улам, чет өлкө валютасындагы активдерге жана алтынга кайра баа берүүгө байланыштуу болгон. Таза ички активдердин өсүшүнүн башка фактору катары Өкмөттүн депозиттеринин 2 681,5 млн сомго өсүшү болгон. Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусун капиталдаштыруу максатында 6747,5 млн сом өлчөмүндө

каражаттар келип түшкөндүгүнөн, башка финансы мекемелери алдында милдеттенмелердин көбөйүшү таза ички активдердин төмөндөшүнө таасирин тийгизген.

**Акча топтомдорунун өзгөрүүсү**

Банктардан тышкаркы нак акчадан жана улуттук валютадагы[1] депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2015-жылдын январь-июль айларында 0,4 пайызга азайып, 82 049,9 млн сомду түзгөн (2014-жылдын январь-июль айлары ичинде – 0,1 пайыз).

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы кароого алынган мезгил ичинде 5,4 пайызга көбөйүп, 131 231,0 млн сомду түзгөн, бул эң башкысы, башка депозиттик корпорациялардын депозиттеринин 6,5 пайызга, 77335,1 млн сомго чейин өсүшү менен шартталган (2014-жылдын январь-июль айлары ичинде М2Х акча массасы 2,1 пайызга жогорулаган эле).

М2Х акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкаркы нак акчанын үлүшү – 41,1 пайыз (2014-жылдын 1-августуна карата – 49,8 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү – 21,5 пайыз (2014-жылдын 1-августуна карата – 23,8 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 37,5 пайыз (2014-жылдын 1-августуна карата – 26,4 пайыз).

Чет өлкө валютасындагы депозиттер 16,7 пайызга өсүп, 49 181,25 млн сомду түзгөн. Мында алмашуу курсунун таасирин эске албаганда ал 8,7 пайызга өскөн, ал эми улуттук валютадагы депозиттер 7,6 пайызга, 28 152,9 млн сомго чейин кыскарган. Натыйжада, депозиттердин жалпы көлөмү 2015-жылдын январь-июль айларында 6,5 пайызга өсүп, 77 335,1 млн сомду түзгөн (2014-жылдын январь-июль айлары ичинде – 5,0 пайызга өскөн).

М2Х акча массасында камтылган депозиттердин долларлашуу деңгээли 2015-жылдын июль айынын акырына 63,6 пайызды түзүп, өтүп жаткан жылдын баш жагындагы деңгээлге салыштырганда 5,6 пайыздык пунктка көбөйгөн.

*Экономикага кредит*[2] кароого алынып жаткан мезгил ичинде 10,8 пайызга өсүп, 91 021,1 млн сомду түзгөн, ал эми алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – ал 8,7 пайызга өскөн (2014-жылдын январь-июль айларында экономикага кредит, тиешелүүлүгүнө жараша 23,4 жана 20,1 пайыздык өсүшкө ээ болгон).

Өтүп жаткан жылдын январь-июль айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 1865,8 млн сомго (1,7 пайызга) азайып, 106 723,8 млн сомду түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде 2,9 пайызга көбөйгөн).

2015-жылдын июль айынын акырына банк тутумунун таза ички активдери 8 552,5 млн сомго же 53,6 пайызга азайып, 24 507,2 млн сомду түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде ал 3,8 пайызга азайган).

Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык, 2015-жылдын июль айынын акырында эсептик чен 8,00 пайыз деңгээлинде белгиленген (июнь айынын акырында белгиленген деңгээлге салыштырганда 150 п.п. төмөн). Ушундан улам, “овернайт” кредиттери жана депозиттери боюнча пайыздык коридордун жогорку жана төмөн чендери 100 п.п. төмөндөп, тиешелүүлүгүнө жараша 11,00 жана 2,00 пайыз деңгээлинде белгиленген.

Өтүп жаткан жылдын июль айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 8,00 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 1-августка карата 1,97ни, ал эми М2 мультипликатору – 1,232 чегинде катталган (2014-жылдын 1-августуна карата – тиешелүүлүгүнө жараша 1,691 жана 1,245).

Июль айынын акырына М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 29,0 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 18,9 пайызды түзгөн (2014-жылдын июль айынын акырына – тиешелүүлүгүнө жараша 32,1 жана 23,5 пайыз).

---

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдарга, юридикалык жактарга жана башка финансы-кредит мекемелерге берилген кредиттер.

## Акча жүгүртүү тездиги

Экономикалык өсүштүн алкагында экономикада акча массасынын көлөмү кыскаргандыгына байланыштуу, акча жүгүртүү тездиги өтүп жаткан жылдын баш жагындагы деңгээлге салыштырганда 0,1 пайызга өсүп, июль айынын акырына 3,4 пайызды түзгөн (М2Х боюнча).

Улуттук банктын кассасына январь-июль айлары ичинде 33 362,7 млн сом келип түшкөн, бул 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 6 894,8 млн сомго же 17,3 пайызга аз, ал эми берүүлөр 4 819,5 млн сомго же 12,2 пайызга азайып, 34 636,0 млн сомду түзгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде коммерциялык банктардын кассаларына 557 725,4 млн сом келип түшкөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 25 668,2 млн сомго же 4,8 пайызга жогору, ал эми берүүлөр 26 912,8 млн сомго же 5,0 пайызга көбөйүп, 560 649,4 млн сомду түзгөн.

Төлөм системасында өтүп жаткан жылдын январь-июль айларында финансылык тобокелдик деңгээли минималдуу чекте сакталып турган. Июль айынын акырына жүгүртүү коэффициенти 0,57ни, ал эми ликвиддүүлүк коэффициенти – 1,76ны түзгөн.